УДК: 82-131

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ БАЛАНЫ ТАРБИЯЛОО ИДЕЯЛАРЫ
# ИДЕИ ВОСПИТАНИЯ ДЕТЕЙ В ЭПОСЕ “МАНАС”
# THE IDEA OE BRINGING UP THE BOY AT THE EPIC ,, MANAS,,

***Рыскулова Г. У. - п.и.к, доц.м.а.,Сатыбалдыева Г.Ш. – окутуучу,***
***Жалал-Абад мамлекеттик университети.***

*Аннотациялар: Макалада “Манас” эпосундагы балдарды тарбиялоо идеяларынын чагылдырылышы жөнүндө баяндалат.*

*В данной статье повествуется об идеи воспитания детей в эпосе “Манас”*

*This article is about how to bring up the children at the “Manas” epic.*

“Манас” эпосунда элибиздин нечен кылымдык тарыхы, маданияты, улуттук идеологиясы сакталуу болгондуктан, анын терең маанисин түшүнүп окусак, андан турмуштун түркүн-түстүү кырдаалдарында учураган ар кандай суроо-талаптарыбызга ылайыктуу жооп ала алабыз. Адам үчүн түбөлүктүү суроо жараткан турмуштун өзөктүү маселелеринин бири болуп, адамзаттын изденүүчү бүтпөс темаларына айланган келечектеги жаш муундарды тарбиялоо болуп саналат. Келечек жаш муундарды тарбиялоодо ата-бабалардын басып өткөн тарыхый жолун, үрп-адатын, каада-салттарын, турмуштук тажрыйбаларын үйрөтүп, аларды кийинкилерге эстафета түрүндө өткөрүп берүүдө эпостун орду чоң. Кыргыз эли жашап турганда эл менен кошо эпос да жашап, биздин бүтүндөй турмушубузду өз ичине батырып келе бермекчи. “”Манас” эпосу- кыргыз элинин педагогикалык идеяларын, тарыхын, тилин, дилин, этнографиялык, философиялык жана илимий көз караштарын, психологиясын, маданиятын, көркөм өнөр ажарын, руханий жана социалдык-саясий турмуш тажрыйбаларын изилдөөнүн ишенимдүү булагы”-деп окумуштуу Бекембай Апыш өз учурунда белгилеген (2 .7.). Чындыгында, эпосубуз бир нече тармактардагы илимий изилдөөлөргө таянаар булак катары пайдаланылат. Улут болуп, өзүбүздүн улуттук тарбиябызды калыптандырууда “Манас” эпосубуздагы даңазаланган патриоттук духка, элдик идеологияга таянабыз. “Манастагы” жети осуятты туу тутуу менен катар, билим берүүчү бардык мекемелерде окутууда жана тарбиялоодо кеңири жайылтып колдонуп келебиз.

Улуу жазуучу Ч.Айтматов “Манас ” эпосундагы Манастын образы тууралуу: “Манас – өзүбүзгө өзүбүздү тааныткан улуу зат. Манас аркылуу биз өзүбүздү өзүбүз бекемдейбиз, ким экендигибизди далилдейбиз жана келечекке көз таштайбыз. Ал ар бир урпак үчүн руханий кубат”,- деп белгилеген (1). Манас баатырдын жасаган эрдиктерин, айкөл иштерин даңаза кылып, бүгүнкү күнгө чейин чоң ишеним катары көпчүлүк эл жаңы төрөлгөн жаш ымыркайга атайын тилек менен Манас атабыздын атын кастарлап коюп келет. Ар бир патриот кыргыз баласы өз мекенин сүйгөн, өз элине кызмат кылган, даңазасы алыска кеткен келечектин ээси болууну самайт. Манасты жашоонун туу чокусу катары идеал тутушат. Ошол эле учурда “Манас” тууралуу үстүртөн гана билип, ага салкын көз менен караган экинчи, үчүнчү тараптардын да жок эмес экендигин белгилеп коюшубуз керек.

Эпостогу айтылган каада-салттар, үрп-адаттар, Манастын тегерегиндеги окуяларды сүрөттөөдө коштолуп, анын образын жаратуу үчүн гана берилбестен, анда элдин чыныгы жашоосундагы тарбия-таалим маселелери толук камтылган. Эпосто Манас туулганга чейин кыргыз эли чачылып, бай Жакып бир топ жашка келсе да бала көрбөй балага зар болгон. Манастын төрөлүшүнө чейин көптөгөн кыйынчылыктар болуп өткөн. Жакыптын көптөн күткөнү эркек бала төрөлүп, ал бала баатыр болуп, кыргыз элин бириктирип,

элди тышкы кордуктардан, кыйынчылыктардан куткарган.Чыгармада Чыйырдынын боюна бүткөн мезгилинде жолборстун жүрөгүнө талгак болгондугу, жолборстой алгыр, эр жүрөк баатырдын жаралышынан кабар берет. Каңгайдын Кара мергенине жолборс аттырып, аны жылкычы Бадалбайдан алдырат, Бадалбай келе жатып жылкычылар союп жаткан жылкынын жүрөгүн кошуп алып келет. Сууга салып чала-була бышырып, эки жүрөктү жана сорпосун ичип талгагын кандырат. Боюнда бар аялдын талгагын кандыруу, бул эненин жана баланын ден соолугуна кароо дегендик. “Эненин курсагындагы тогуз ай жаткан бала химиялык, механикалык чөйрөнүн таасири астында калыптанат. Бул тышкы таасирлер баланын организимине өз таасирин тийгизип, өзгөчө касиеттер менен төрөлүшүнө алып келет”-дейт окумуштуу К.Миңбаев (3. 27.). Курсактагы баланын абалы, анын келечекте ким болору бүгүнкү күндө илимий жактан изилденипланууда. Кыргыз эли баланын курсактагы мезгилинен тарта кам көрүшүп, анын болочоктогу энесинин жеген тамагына өтө маани беришкен. Керек болсо болочоктогу тукум улантуучу баланы төрөп берүүчү эненин кайсы элден, уруудан экени, тукумунун тазалыгы эске алынып, жети кыр ашкан жерде жашаган кызды тандап алышкан. Эненин ден соолугунун чыңдыгы, акылынын тетиктиги, адам менен болгон мамилеси бардык жагынан тең таразаланып бааланган.

Эпосто Чыйырды баланы тогуз ай көтөрүп, толгоосу жети күнгө созулат. Сегизинчи күн болгондо туулар мезгил келгенде Жакып чыдабай алыс кетет. Эгер кыз туулса сүйүнчүлөбөй эле койгула, уул бала болсо сүйүнчүлөгүлө деп сүйүнчү айтырууга кырк кара боз быштыны байлатып, дагы жети ат байлатат. Өзү жылкысына кетет. Жылкылардын ичинен кула бээси ошол учурда толготуп калат. Ал кеткенден кийин Чыйырды төрөп, жаңы төрөлгөн бала эки колуна кан чеңгелдеп түшкөнү, оозантканда үч карын майды үч саатка койбой жалмап койгону алп, күчтүү баланын төрөлгөнүн билдирет. Чыйырды баласын колуна алып эмизгенде сүт, андан кийин суу, кан чыгып Чыйырды эсин жоготот. Жаңы төрөлгөн баланын лапылдап соргонунан бир нече күн толгоо тарткан энеси алдан таят. Эпостогу бул сүрөттөөлөр төрөлгөн баланын башка жаңы төрөлгөн ымыркайлардан айырмачылыгын көрсөткөн.

Ал эми Акбалта сүйүнчүлөп барса, Жакып кара жалдуу кула бээсинин ак сур кулунун энесине ээрчитип турганын көрүп сүйүнчү айтат. Алгач укканда Жакып сүйүнгөнүнөн эстен танып, Акбалта суу бүркүп, өзүнө келтирет. Жашы элүүгө чамалап калганда, мындай көптөн күткөн кубанычтуу кабарды укканда сүйүнгөнүнөн өзүн жоготуп, ата салты боюнча атаганын берет. Сүйүнчүсүнө Акбалта бир калта алтын алат. Андан сырткары, тогуз жылкы, төрт төө, төрт тогуздап мал берет. Мына ушул жасалган элдик жөрөлгөлөрдүн бардыгы келечектеги баланын баатыр бала болушуна, жакшы чөйрөнүн жаралуусуна кам көргөн аракеттерден кабар берет. Ушул бала төрөлгөндө ушундай болду эле деп, эл ичинде аңыз-кептер айтылып, кошумчасы коштолуп бизге жетти. Жакып Акбалта менен үйгө келип баласын колуна алгандагысы мындай сүрөттөлөт:

“Маңдайы жазы, башы кууш”,
Бар боюнда турат тууш.
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көзү калча, көзү тик,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаагы жазы, ээги узун,
Эрди калың, көзү үңкүр
Эр мунөзү көрүнөт ( 4 . 89.).

Окумуштуулар адамдын инсан катары калыптанышына тукум куучулуктун жана чөйрөнүн таасири чоң деп эсептешет. Чындыгында эле, балдардын ата-энелеринен, ата

тегинен мурас катары тулку боюнун түзүлүшү, ички жана тышкы органдарынын өзгөчөлүктөрү балада кайталанат. Тукум куучулук адамдын көп касиеттеринин өнүгүүсүнүн негизин түзөт. Жаңы төрөлгөн баласын бай Жакып колуна биринчи жолу алып, анын кимге окшош экендигине назар салганы баяндалды. Башкача айтканда Жакыптын ата-теги баатыр болуп, эл башкарган хандар болгонун эпос аркылуу билебиз. Мына жаш ымыркайдын да бет түзүлүшүндө баатырларга тиешелүү белгилердин болушу анын келечекте баатыр болушунан кабар берип турат. Жакыптын ичи ушуга жылып, көңүлү жай алып калат. Жаңы төрөлгөн балага элден бата алуу - кыргыз элиндеги жакшы салт. Аны ар бир кыргыз баласы өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө ылайык өткөрүп, жаңы төрөлгөн баласына ат койдуруп, элден бата алган. Жакып да жаңы төрөлгөн баласын көрүп, анын алп боло орун, пилдей күчтүү, жолборстон жоон баатыр боло орун тилеп, баласынан чоң үмүт кылат:

Кут кылган болсо кудайым.
Кудайдан жашын сурайын.
Кеткенден алар кегимди,
Кек алганын көрөрмүн,
Кетирбесе эбимди.
Өткөндөн алар өчүмдү,
Өч алганын көрөрмүн.
Өлтүрбөсө өзүмдү ( 4. 90.).

Баланын туулганына чоң той берет. Ат коюу салтын кылып элден сураганда кайдан-жайдан дубана пайда болуп, баланын атын коюп берет:

-Аты болсун Манас деп,
Алла таала сактасын,
Ар балаадан калас деп.
Бата кылды баарысы,
Жашы менен карысы (4. 105.).

Ошентип арадан жети жыл өтүп, бала өз билишинче эркин чоңоёт. Ата-энеси карыганда көргөн баласына эч качан тыюу сөздөрүн айтпайт. Ошондуктан баланын өтө эле тентек өсүп жатканын байкаган Жакып бай баланын жашы сегизге карап калганда:

-Аңдасам балаң акыл аз,
Жөнүн таппайт, дөөлөт мас,
Тил азар деймин, динге кас.
Мал азабын балага,
Бир тарттырып көрөлү,
Жайлоодогу койчуга
Алты ай малайга берели,

Катыктырып көрөлү (4. 109.), - деп, байбичесине кеңешип, Ошпур койчусуна берет. Жакып эл башкарган хан болсо да баласынын келечектеги элдин башын бириктирген, бардын кадырын, жоктун кайгысын билип чоңойсун деп койчуга жөнөтөт. Тентек өсүп келе жаткан баласына атасынын сын көз менен карап, анын келечегинен тынчсызданып, Манастын кийинкилиги жөнүндө байбичеси Чыйырды менен акылдашат. Эпосто баланы тарбиялоодо эненин да, атанын да милдети бирдей экендигин көрөбүз. Ата-эне кеңешип, макулдашып бир чечимге келишет. Баланын тарбиясы, дүйнө таанымы жөнүндөгү маселелерге кыргыз эли өтө кылдат мамиле жасап келишкен. Ата-эне эң биринчи бала үчүн кам көрүшсө, жалпы айыл, аксакалдар кимдин баласы экенине карабай бир кызыкчылыкта көзгө түшкөн балага кези келгенде тарбиялык насаат сөздөрүн айтышып жүрүшкөн. Бала үйдө да, көчөдө да, топ жыйындарда да ар дайым сөз кадырын сыйлаган акылман аксакалдардын өз ооздорунан тарбиялык маанидеги сөз берметтерин

тынымсыз угуп турушкан. Бул али жаш дебестен топ жыйындарга балдарын атка өңөрүп, же жетелеп барышкан. Улуулардын оозунан чыккан сөздөрдү муюп угушуп, аларды туурашып балдар тарбия алышкан.

Эпосто да баланы тарбиялоо жөнүндө ата-эненин көргөн камкордугу тууралуу сүрөттөлөт. Жакып өтө бай болгондуктан, баласын өзү мээнет кылсын, даяр мал-мүлктүн кадырына жетсин деген ой менен койчусуна берди. Бирок Манас ал жерде да тентектигин койбой, өз билгенин жасады . Ал атасы айтпагандарды өз көзү менен көрүп, көп нерсени түшүндү. Душмандарга болгон жек көрүү, алардын күнөөсүз элге көрсөткөн кордугунан өч алуу сыяктуу сезимдери пайда болду. Эми ал табият берген күчүн бекерчиликке жумшабай, душмандар менен кармашууга, өзүнүн намыскөй, эр жүрөктүүлүгүн өз элине арнагысы келип чоңоёт. Атасынын эмгекти сүйүп, мээнеткеч болсун деген тилегинин артынан ал көп нерсени түшүндү. Бирок бала азырынча жаш эле, каруу күчкө толо элек болчу. Ошондуктан Жакып бул жаш баланын эрте мизин кайтарып алуудан коркту. Калмактардын да эсин чыгарып, эч нерседен коркпой, өзүнүн “Чоң жиндилигин ” да көрсөткөнү эпосто айтылат. Көптөгөн жылдар бою ички жана тышкы душмандардын кордугун тартып жашаган эл ушундай эр жүрөк, тайманбаган баатырга зар эле.

Эпосто баланын түрдүү курактагы өсүү учурларын окуяларды сүрөттөө менен баяндап берет. Баланын ар бир өсүү курагында чоңдор тарабынан атайын көңүл бөлүнүп, ага ылайык шарт түзүлгөн. Эпосто Манастын жаш ымыркай мезгилин, “Манастын туулганы”деп атайын бөлүм болуп сүрөттөлөт. Андан кийин эрке өсүп, ар кимди уруп чоңойгон курак мезгилин тентек деп сүрөттөшөт. Ошпур койчунун колунда козу кайтарган балакат мезгили. Өзү келип катылган калмактар менен болгон биринчи беттешүүсү өспүрүм курагына туш болот. Жакып жаш баласын аяп, карт калмактын билеги жоон жигиттеринен майып болуп калабы деп чоочулап, баласын балтыр этиң ката элек, качып кетели деп шашып айтканы берилет. Бирок өжөр бала карт калмактын жоон билек жигиттери менен тайманбай урушуп, алардын сазайын берет. Манастын биринчи жолу жан жигиттери менен Салбырыңга барышы, анын жигит болгонунан кабар берет. Эпостогу түрдүү окуялар жөн эле сүрөттөлбөстөн, Манастын төрөлгөндөн тартып кантип чоңойгону, анын ар бир курак мезгилинде кандай окуялар болгону сүрөттөлөт. Кыргыз эли байыртадан эле балдардын төрөлгөндөн баштап, анын келечеги үчүн кам көргөнү, турмуштун түрдүү кырдаалдарындагы маселелер боюнча баланын мүмкүнчүлүгүнө ылайыкташып, түшүндүрүп, үйрөтүп, балдардын тарбиясына өзгөчө көңүл бөлүшкөнүн эпос аркылуу көрүүгө болот.

Ал эми бүгүнкү күндө балдарды тарбиялоо маселесине карата заман талабына ылайык изилдөөлөр жүргүзүлүп, түрдүү илимдердин көңүл борборунда болуп келүүдө. Мына ошондой баланы тарбиялоодо куракгык өнүгүүсүн педагогикалык, психологиялык байкоолордун негизинде төмөндөгүдөй жаштык этаптарга бөлүштүрүүдө:

1. Бөбөк курак
2. Эрте жаш курак
3. Мектепке чейинки курак
4. Кенже мектеп курак
5. Өспүрүм курак
6. Эрте жигиттик курак

Баланын куракгык өсүүсүн илимий бөлүштүрүүдө азыркы замандын шартындагы окутуу жараянына ыкталган. Бөлүштүрүү боюнча балдар курагына карап окутулат. Ал эми чыгармада элдин турмушунун абалы, жашоо шарты, каада-салты, кесиби – балдарды тарбиялоодогу негизги факторлор болуп эсептелет. Эпосто кыргыз элинин элдик тарбиясы чагылдырылган. Кыргыз эли негизинен мал чарбачылыгы менен алектенгендиктен , балдарды эмгекке тарбиялоодо өтө жаш кезинен эле мал багууга

үйрөтүшкөн. Балдар чоңдор менен аралашып, мал багуунун сырларын үйрөнүшүп, турмуштук тажрыйба алышкан. Ата-эненин негизги милдеттеринин бири болуп, балага өнөр үйрөтүү, келечегине кам көрүү болуп эсептелет.

Ал эми педиатрия илиминде психикалык курактык өнүгүү төмөнкүдөй этаптарга бөлүштүрүлгөн:

1. Эненин ичиндеги мезгил
2. Жаңы төрөлгөн мезгил
3. Эмчек менен азыктандыруучу мезгил
4. Сүт тиш мезгили
5. Өспүрүм мезгили
6. Жыныстык жактан жетилүү мезгили

Психологияда баланын психикалык жактан өнүгүүсүнө таасир этүүчү факторлорду аныктоо негизги проблемалардан болуп келген. Эч нерсеге күчү жетпеген бала өзүнүн иш-аракетинен башка аны курчап турган чөйрөсүнөн жана андагы адамдардан кандайча таасир алат, өз алдынчалуулукка кантип жетишет деген сыяктуу суроолор психологияда каралып келе жатат. Психология, педагогика илимдериндеги баланын акыл, ой жүгүртүүсүнө байланышкан пикирлердин болушу, мурунку адамзатынын жаралышынан бери болуп келе жаткандыгын эпостогу фактылар далилдеп турат. Энеси Чыйырды баласынын эркин өсүүсүнө, келечегине кам көрдү. Баланы жети жашына чейин эркелетип өстүрдү. Андан кийин мээнеткеч, эмгекти сүйгөн, ак менен караны ажыраткан, адилеттүү болуп чоюусуна шарт түзүп беришти. Эгер бай Жакып баласын өз үйүндө каалаганын ичиртип, эркин өстүрсө, хандын баласы эл сүйгөн баатыр болушу мүмкүн эмес болчу. Анын койчунун колунда козу кайтарышы, түйшүк тартып кыйналышы, калмактардын жок жерден катылышы анын патриоттук сезимдеринин ойгонушуна түрткү болду. Өсүп келе жаткан бала айлана-чөйрөгө көз чаптырды, элдин жашоосуна көңүл бурду. Өз элинин тышкы душмандарга кордолуп жатканын түшүндү. Бул тууралуу К.Миңбаев : “Организмдин өнүгүүсү жогорку тепкичке көтөрүлгөн сайын, анын чөйрөдөн алган таасири ошончолук жогорулайт. Тукум куучулуктун таасиринен пайда болгон көп касиеттер чөйрөнүн таасиринде өзгөрүүгө дуушар болот,”- деп чөйрөнүн таасирине басым жасап кеткен (3. 27.). Чындыгында, тукум куучулуктун баланын психикасынын өнүгүүсүндө чоң мааниси бар. Манастын ата-теги эл башкарган баатыр хандар болгон. Манастын ата тарабы да, эне тарабы да кыргыздын калың учугуна тараган жакшы адамдар болгон. Ал эле эмес энеси Чыйырдынын да жолборстун жүрөгүнө талгак болушу, келечектеги баатырдын эр мүнөзүнүн жаралганда эле калыптанып калганынан кабар берет. Манастын баатырдык көп касиеттери тукум куучулуктан берилген өзгөчөлүктөр. Манастын бала чагы жакшы чөйрөдө өтөт. Ошол эле учурда кыргыз эли жайгашкан жер шарты, табияттын сулуулугу, эл ичиндеги накыл сөздөр, талбаган жаратман эмгектер өсүп келе жаткан балага өз таасирин тийгизген. Бүгүнкү күндө эпосту колго алып окуп бала тарбиялоо маселесине байланышкан көптөгөн суроолорубузга жооп алсак болот. Бул макалада биз айрым гана учурларына токтоло алдык. Эпостогу окуялар баштан аяк турмуштук картиналар менен байланышкандыктан, чыныгы элдин жашоосу берилген.

Адабияттар:


1. Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. // Кыргызстан маданияты, 1979, 11-январь.
2. Бекембай Апыш . Педагогика -Бишкек, 2011.
3. Миңбаев К. Курак жана педагогикалык психология. –Ош, 1995.
4. Сагымбай Орозбак уулу. “Манас” -Бишкек, 1984.


Рецензент: Сакиева С.С. – п.и.д., профессор